КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ
БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ
БАЗАР-КОРГОН ШААРЫ
БАЗАР-КОРГОН ШААРДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН
ГОРОД БАЗАР-КОРГОН
БАЗАР-КОРГОНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ

Базар-Коргон ш., К.Култаев көч. № 85,
тел: (03736) 5-00-53

г.Базар-Коргон , ул. К.Култаева № 85,
тел: (03736) 5-00-53

28.11.2024-жыл Базар-Коргон шаары.

**Базар-Коргон шаардык кеңешинин II -чакырылышынын кезектеги I –сессиясынын**

# №1-ТОКТОМУ

Базар-Коргон шаардык кеңешинин төрагасын шайлоонун жыйынтыгы жөнүндө

Эсептөө комиссиясынын №3-протоколун жана Эсептөө комиссиясынын төрагасынын маалыматын угуп, Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы №123 «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» мыйзамын, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин алдындагы Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттигинин 2022-жылдын 14-мартындагы №56-буйругу менен бекитилген типтүү регламентин жетекчиликке алуу менен Базар-Коргон шаардык кеңешинин II-чакырылышынын кезектеги I-сессиясы **токтом кылат:**

1. Базар-Коргон шаардык кеңешинин төрагасын шайлоо боюнча эсептөө комиссиясынын шаардык кеңештин төрагасын шайлоодо добуш берүүнүн жыйынтыгы жөнүндө 2024-жылдын №3- протоколу бекитилсин.

2. Базар-Коргон шаардык кеңештин төрагасы болуп Анарбеков Курманбек Кубанычович шайлангандыгы таанылсын.

3. Аталган токтом Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Мыйзамына ылайык Базар-Коргон шаарынын расмий www.bazar-korgonmeria.kg веб-сайтына жарыялансын

4. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөөнү өзүмө калтырамын.

**Төрага: Х.Р.Хусанбаев**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**
**БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ**
**БАЗАР-КОРГОН ШААРЫ**
**БАЗАР-КОРГОН ШААРДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН**
**ГОРОД БАЗАР-КОРГОН**
**БАЗАР-КОРГОНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ**

Базар-Коргон ш., К.Култаев көч. № 85,
тел: (03736) 5-00-53

г.Базар-Коргон , ул. К.Култаева № 85,
тел: (03736) 5-00-53

28.11.2024-жыл Базар-Коргон шаары.

**Базар-Коргон шаардык кеңешинин II -чакырылышынын кезектеги**

**I –сессиясынын**

## №2-ТОКТОМУ

Базар-Коргон шаардык кеңешинин төрагасынын орун басарларын шайлоонун жыйынтыгы жөнүндө

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20- октябрындагы №123 «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» мыйзамынын 41-беренесинин 1-пунктун, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин алдындагы Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттигинин 2022-жылдын 14-мартындагы №56-буйругу менен бекитилген типтүү регламентин жетекчиликке алуу менен Базар-Коргон шаардык кеңешинин төрагасынын сунушунун негизинде, Базар-Коргон шаардык кеңешинин II-чакырылышынын кезектеги I-сессиясы **токтом кылат:**

1. Базар-Коргон шаардык кеңештин төрагасынын орун басарлары болуп Хамиткулова Дилдарохон Анварбековна жана Урмаматов Мелис Анарбекович шайлангандыгы таанылсын.

2. Аталган токтом Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Мыйзамына ылайык Базар-Коргон шаарынын расмий www.bazar-korgonmeria.kg веб-сайтына жарыялансын.

3. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөөнү өзүмө калтырамын.

**Төрага:** **К.К. Анарбеков**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ
БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ
БАЗАР-КОРГОН ШААРДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН
БАЗАР- КОРГОНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ

Базар-Коргон ш., К.Култаев көч. № 85,
тел: (03736) 5-00-53

г.Базар-Коргон , ул. К.Култаева № 85,
тел: (03736) 5-00-53

28.11.2024-жыл Базар-Коргон шаары

**Базар-Коргон шаардык кеңешинин II-чакырылышынын кезектеги I-сессиясынын**

# №3-ТОКТОМУ

Элдик Курултайга Базар-Коргон шаарынан делегаттарды шайлоо жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 20-сентябрындагы “Кезектеги III Элдик Курултайды өткөрүү жөнүндө” № 271 сандуу Жарлыгын жана Кыргыз Республикасынын Президентинин Жалал-Абад облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн №860-б сандуу буйругун, 27.11.2024-жылкы чыгыш №01-17/2288 саны менен катталган Базар-Коргон шаарынын мэринин биринчи орун басары Ө.Мурзаевдин каты, Элдик Курултайды уюштуруу жана өткөрүү боюнча иш-чаралардын календардык планында көрсөтүлгөн тийиштүү пункттары боюнча карап чыгып талкуулап,депутаттардын сунуш пикирлерин эске алуу менен Базар-Коргон шаардык кеңешинин II-чакырылышынын I-сессиясы **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 20-сентябрындагы “Кезектеги III Элдик Курултайды өткөрүү жөнүндө” № 271 сандуу Жарлыгынын негизинде Элдик Курултайды уюштуруу жана өткөрүү боюнча иш-чаралардын календардык планынын тийиштүү пункттары боюнча колдоого алынсын.
2. Кезектеги III Элдик Курултайдын делегаттарын шайлоо боюнча өкүлчүлүктүү жыйынды уюштуруу жана өткөрүү боюнча жумушчу топтун курамы №1-тиркемеге ылайык бекитилсин
3. Кезектеги III Элдик Курултайдын делегаттарын шайлоо боюнча өкүлчүлүктүү жыйынга катыша турган өкүлдөрүн шайлоо үчүн өтүлүүчү жыйындардын өткөрүү графиги жана жыйындарды өткөрүүгө жоопту депутаттардын тизмеси №2-тиркемеге ылайык бекитилсин.
4. Кезектеги III Элдик Курултайдын делегаттарын шайлоо боюнча өкүлчүлүктүү жыйынды өткөрүү мезгилинде коомдук тартипти жана коомдук коопсуздукту сактоо жагы Базар-Коргон РИИБнүн башчысына жүктөлсүн.

5. Токтомду аткаруу жана уюштуруу иштерин алып баруу жагы Базар-Коргон шаар мэринин биринчи орун басары Ө.Мурзаевге жүктөлсүн.
6. Аталган токтом Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Мыйзамына ылайык Базар-Коргон шаарынын расмий www.bazar-korgonmeria.kg веб-сайтына жарыялансын.
7. Аталган токтомду Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Жалал-Абад областтык Адилет башкармалыгына каттоого берүү, шаардык кеңештин жооптуу катчысына жүктөлсүн.
8. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Базар-Коргон шаардык кеңешинин төрагасынын орун басары Урмаматов Мелис Анарбековичке милдеттендирилсин

**Төрага** **К.К. Анарбеков**

**Базар-Коргон шаардык кеңешинин**

**2024-жылдын 28-ноябрындагы**

**II-чакырылышынын I- сессиясынын**

**№ 3 токтомуна №1 тиркеме**

**Элдик Курултайга Базар-Коргон шаарынан делегаттарды шайлоо боюнча өкүлчүлүктүү жыйынды уюштуруу жана өткөрүү боюнча жумушчу топтун курамы**

| № | Ф.А.А. | кызматы |
|---|---|---|
| 1 | Анарбеков Курманбек Кубанычович | Төрага |
| 2 | Хусанбаев Хайбатулла Рахматиллаевич | депутат |
| 3 | Саттаров Муратжан Ташмаматович | депутат |
| 4 | Абдисаматова Рахима Якяжановна | депутат |
| 5 | Ахмадалиев Маматкадыр | мэриянын кызматкери |
| 6. | Абдырахманов Нурбек | мэриянын кызматкери |
| 7. | Турдукулов Медет | мэриянын кызматкери |

**Базар-Коргон шаардык**

**кеңешинин төрагасы:** **К.К.Анарбеков**

**Базар-Коргон шаардык кеңешинин**

**2024-жылдын 28-ноябрындагы**

**II-чакырылышынын I-сессиясынын**

**№ 3 -токтомуна №2 тиркеме**

**Элдик Курултайга Базар-Коргон шаарынан делегаттарды шайлоо боюнча өкүлчүлүктүү жыйынга катыша турган өкүлдөрүн шайлоо үчүн өтүлүүчү жыйындардын графиги жана жыйындарды өткөрүүгө жооптуу депутаттары**

| № | Шайлоо участкасы | Элдин саны | Жыйын өтүүчү күнү, убактысы | Жыйын өтүүчү орду | Көрсөтүлгөн делегаттардын саны | Жооптуу депутаттар |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Юбилейная №2131 | 4666 | 03.12.2024 саат 17-00 | №30 Ө.Атабекова мектеби | 15 | Абдисаматова Р.<br>Жуманазаров Э.<br>Закиров И.<br>Калдаров Т.<br>Марамов С.<br>Урмаматов М.<br>Ташиева К. |
| 2 | Дзержинский -1 №2132; Дзержинский -2 №2448, | 8381 | 04.12.2024 саат 17-00 | №3 Бабур мектеби | 21 | Мирзахмедов Т.<br>Токтосинов С.<br>Сатаров Р. |
| 3 | Московский №2133, Базар-Коргон №2375, Бөкөнбаев №2376 | 12220 | 05.12.2024 саат 17-00 | №1 Макаренко мектеби | 31 | Саттаров М.<br>Хамиткулова Д.<br>Хусанбаев Х.<br>Шарипов М. |
| 4 | Ленин-МТФ №2422, Кеңеш №2135, Жети-Кошкон №2377 | 10212 | 04.12.2024 саат 12-00 | №26 Худайбердиев мектеби | 42 | Базаркулова Г.<br>Джамалдинов З.<br>Махкамов А.<br>Махкамова О.<br>Мирзабаев И. |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 5 | Комсомол №2134 | 4638 | 04.12.2024 саат 15-00 | №4 Навои мектеби | 15 | Жамалов С.<br><br>Юсупов Д. |
| 6 | Сай-Коргон №2421 | 3750 | 05.12.2024 саат 12-00 | У.Колдошева мектеби | 16 | Жалилов А. |
| 7 | Беш-Бадам №2136 | 1920 | 05.12.2024 саат 15-00 | №23 Эралиев мектеби | 6 | Мажиев Н. |
| 8 | Кара-Үнкүр №2141, Бабаш-Ата №2140, Арпачы №2428, Суу-Башы №2423 | 14617 | 05.12.2024 саат 11-00 | “Совет” МАБдын имараты | 54 | Алыкулов Г.<br><br>Аскар к.Ж.<br><br>Малик у.К.<br>Миңбаев Н.<br>Мусамбетов Б.<br><br>Насирдинов Э.<br>Токоев Б. |
| | Жалпысы: | 60404 | | | 200 | |

**Базар-Коргон шаардык**

**кеңешинин төрагасы:** **К.К.Анарбеков**